КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ

“Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ” ИЛИМИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ ӨНДҮРҮШТҮК КОМПЛЕКСИ

Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
Окумуштуулар кеңешинде
каралып, бекитүүгө сунушталган
Протокол №__1__
“__01__”________04________2025-ж.

БЕКИТЕМ
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
ректору, т.и.д., профессор
К.Ж.Усенов ______________
“__01__”______________2025-ж.

# БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫНЫН ЭКСПЕРТТИК ТОБУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

Жалал-Абад-2025

## I БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЭРЕЖЕЛЕР

1. Бул Жобо ЖАМУнун Негизги билим берүү программасынын эксперттик тобун (мындан ары – Эксперттик топ) түзүү жана анын ишмердүүлүгүн уюштуруунун тартибин аныктайт.
2. Эксперттик топ өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын жана буйруктарын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорун жана буйруктарын, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.
3. Эксперттик топ – ЖАМУнун кеңеш берүүчү жана талкуулоочу органы болуп саналат жана өз ишмердүүлүгүндө Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун институтунун жана колледжинин директоруна отчет берет
.

## II БӨЛҮМ. ЭКСПЕРТТИК ТОПТУН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

4. Эксперттик топтун ишмердүүлүгүнүн максаты – эмгек рыногунун жана экономика тармагынын муктаждыктарын эске алуу менен билим берүү ишмердүүлүгүн сапаттуу жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтүү.
5. **Эксперттик топтун милдеттери төмөнкүлөр**:

- негизги билим берүү программаларындагы кесиптик талаптарды жана кесиптик стандарттарды жакшыртууга көмөк көрсөтүү;
- тиешелүү өндүрүш тармагындагы жаңы технологиялар жана өнүгүү багыттары тууралуу маалымат берүү;
- экономика, регион жана мамлекеттин эмгек рыногунун талаптарын эске алуу менен билим берүү программаларын иштеп чыгууга жана баалоого көмөк көрсөтүү;
- билим берүү программаларынын өзүн-өзү баалоосуна катышуу;
- окуу материалдарын иштеп чыгууда практикалык мисалдарды камсыз кылууга көмөк көрсөтүү;
- окуу натыйжаларын баалоо үчүн практикалык тапшырмаларды түзүүдө кесиптик стандарттарга ылайык келтирүүгө көмөк көрсөтүү;
- студенттер менен иш-чараларды өткөрүү аркылуу алардын карьералык өнүгүүсүн жана пландаштыруусун колдоо;
- окутуучуларды жана өндүрүштүк окуу жетекчилерин ишканаларда стажировкадан өткөрүүгө көмөк көрсөтүү;
- билим берүү программаларынын максаттары жана жыйынтыктары жөнүндө маалыматты бизнес коомчулугуна жайылтууга көмөк көрсөтүү.

6. Эксперттик топ өз милдеттерин ишке ашыруу үчүн ЖАМУнун бардык түзүмдүк бөлүмдөрү, кесиптик билим берүү уюмдары, мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, уюмдар жана коомдук бирикмелер менен өз ара кызматташат.

## III БӨЛҮМ. ЭКСПЕРТТИК ТОПТУН ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА КУРАМЫ

7. Эксперттик топ ЖАМУнун ректорунун буйругу менен адистик багыттар боюнча (же кесиптик жактан окшош адистиктер боюнча) түзүлөт.
8. Эксперттик топтун курамы институттун же колледждин директорунун сунушунун негизинде аныкталат жана анын 70% жумуш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүнөн турат. Аларга ишканалар, уюмдар жана тармактык кесиптик бирикмелер тарабынан сунушталган адистер, ошондой эле мамлекеттик жана жергиликтүү башкаруу органдарынын, кесиптик бирликтин өкүлдөрү, билим берүү программасынын жетекчилери жана ЖАМУнун метод кеңешинен кирет.
9. Эксперттик топтун курамындагы адистердин жалпы санынын кеминде 30% аялдар болушу шарт.

10. Эксперттик топтун төрагасы жумуш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүнүн арасынан дайындалат жана билим берүү программасынын жетекчисинин сунушу менен ректордун буйругу аркылуу бекитилет.
11. Төраганын орун басары жана катчы тиешелүү багыттагы ЖАМУнун кызматкерлеринин арасынан дайындалат.
12. Эксперттик топтун курамы кеминде 7 адамдан турушу керек.
13. Эксперттик топтун мүчөлөрү болуп төмөнкүлөр эсептелет:
- Жумуш берүүчүлөр же кесиптик бирликтин өкүлдөрү, мамлекеттик органдардын өкүлдөрү (кесиптик талаптарды аныктоодо мүчөлөрдүн кеминде 70%, ал эми билим берүү программаларын иштеп чыгууда жана баалоодо кеминде 60% болушу керек);
- Тиешелүү багыттагы окутуучулар (ППС).
14. ЖАМУ эксперттердин маалымат базасын түзөт, ал эми өндүрүштүк окутуу жана социалдык өнөктөштүк боюнча жооптуу жетекчи базаны үзгүлтүксүз жаңылап турууга жооп берет.

## IV БӨЛҮМ. ЭКСПЕРТТИК ТОПТУН УКУКТАРЫ

**15. Эксперттик топ төмөнкү укуктарга ээ:**
- Негизги билим берүү программаларын натыйжалуу жакшыртууну камсыз кылуу боюнча сунуштарды жана чараларды иштеп чыгуу жана кароо;
- Кыргыз Республикасынын билим жаатындагы мыйзам долбоорлорунун жана концепциялык документтеринин коомдук талкуулоолоруна катышуу;
- Билим берүү программасын өркүндөтүү боюнча директорго, программа жетекчисине жа на методикалык кеңештин төрагасына сунуштарды киргизүү;
- Камкордук кеңештин төрагасына билим берүү программасын ишке ашыруунун шарттарын жакшыртуу боюнча сунуштарды берүү;
- Кафедра башчыларынын, окутуучулардын жана өндүрүштүк окутуунун жетекчилеринин маалыматтарын угуу.

**16. Эксперттик топтун ар бир мүчөсү төмөнкү укуктарга ээ:**
- күн тартибине сунуш киргизүү;
- каралган маселелер боюнча жооп алуу;
- чечимге макул болбогон учурда өзүнүн өзгөчө пикирин жазуу түрүндө билдирүү жана аны протоколго тиркөө;
- протоколдор жана башка материалдар менен таанышуу;
- ЖАМУнун ишмердүүлүгүнө катышуучу социалдык өнөктөштөрдү сунуштоо.

## V БӨЛҮМ. ЭКСПЕРТТИК ТОПТУН МИЛДЕТТЕРИ

**Эксперттик топтун төрагасы:**
- жыйындарды өткөрөт жана ишти уюштурат;
- күн тартибин жана каралуучу маселелерди аныктайт;
- тапшырмаларды берет жана аткарылышын көзөмөлдөйт;
- жыйынтыктар боюнча ЖАМУ жетекчилигине маалымат берет;
- бардык түзүмдөр жана уюмдар менен өз ара аракеттенет;
- ЖАМУнун ишмердүүлүгүнө байланыштуу купуя маалыматтарды ачыкка чыгарууга укугу жок.

**Төраганын орун басары:**
- күн тартибин түзөт;
- сунуштардын жана пландардын долбоорлорун даярдайт;
- купуя маалыматтарды сактайт.

**Катчы:**
- жыйын материалдарын даярдайт;
- протоколдорду түзөт;
- мүчөлөрдү маалымат менен камсыз кылат;

- документтерди каттайт жана сактайт;
- купуя маалыматты ачыкка чыгарууга тыюу салынат.

**Мүчөлөр:**

- жыйындарга катышат;
- тапшырмаларды өз алдынча аткарат;
- студенттерге карьералык консультация берет;
- окутуучулар үчүн стажировкаларды уюштурууга көмөк көрсөтөт;
- купуя маалыматтарды ачыкка чыгарбайт.

## VI БӨЛҮМ. ЭКСПЕРТТИК ТОПТУН ИШТӨӨ ТАРТИБИ

21. Эксперттик топтун жыйындары жылына эки жолудан кем эмес өткөрүлөт. Кворум — курамдын 3/4 бөлүгү катышкан учурда камсыздалат.
22. Чечимдер сунуш мүнөзүндө болот жана протокол менен бекитилет.
23. Чечимдер добуш берүү жолу менен кабыл алынат, добуштар тең бөлүнгөн учурда төраганын добушу чечүүчү болуп саналат.
24. Чечимдер институт директоруна кароо  үчүн берилет.
25. Эксперттик топ билим берүүнүн сапатын баалоого катышат.
26. Баалоо жыйынтыктары протоколго киргизилип, директорго жана тиешелүү түзүмдөргө жөнөтүлөт.
27. Жыйындардын күн тартиби төмөнкү маселелерди камтыйт:

- билим берүү программасын иштеп чыгуу, кайра кароо жана баалоо;
- окуу жыйынтыктарын аныктоо жана баалоо;
- окуу жабдуулары жана материалдык база боюнча сунуштарды макулдашуу.

28. ЖАМУ мыйзамдарга ылайык, Эксперттик топтун мүчөлөрүнүн ишмердүүлүк жыйынтыктарын таануу чараларын көрөт.

## VII БӨЛҮМ. ЭКСПЕРТТИК ТОПТУН ЖЫЙЫНДАРЫНЫН ПРОТОКОЛДОРУН РАСМИЙЛЕШТИРҮҮ ТАРТИБИ

**29.** Эксперттик топтун жыйындарынын протоколуна жыйындын төрагасы жана Эксперттик топтун катчысы кол коёт.

**30.** Эксперттик топтун жыйынынын протоколунда төмөнкү маалыматтар көрсөтүлөт:

- Жыйындын датасы, күн тартиби, өткөрүлгөн жери жана убактысы;
- Эксперттик топтун жыйынында каралган материалдар;
- Эксперттик топтун мүчөлөрүнүн жана башка катышуучулардын сүйлөөлөрү;
- каралган маселелер боюнча Эксперттик топтун мүчөлөрүнүн өзгөчө пикирлери;
- Эксперттик топ тарабынан кабыл алынган чечимдер (сунуштар жана сунуштамалар);
- Эксперттик топтун жыйынынын протоколуна тиркелген материалдар жөнүндө маалымат.

**31.** Эксперттик топтун жыйынынын протоколу жыйын өткөрүлгөн күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде даярдалат. Протоколго кол коюлган күндөн тартып 5 календардык күндүн ичинде Эксперттик топтун катчысы аны бардык мүчөлөрдүн жана тиешелүү кызыкдар тараптардын маалыматына жеткирет.

**1-Тиркеме**
**Эксперттик топтун мүчөлөрүн каттоо формасы**

| **№** | **А.А.А** | **Иштеген жери** | **Телефон** | **Электрондук дареги** | **колу** |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| | Председатель: | | | | |
| 1 | | | | | |
| | Председателдин орун басары: | | | | |
| 2 | | | | | |
| | Секретарь: | | | | |
| 3 | | | | | |
| | Эксперттик топтун мүчөлөрү: | | | | |
| 4 | | | | | |
| 5 | | | | | |
| 6 | | | | | |
| 7 | | | | | |

**Билим берүү уюмунун аталышы:**

**Уюмдун байланыш маалыматтары:**

**Эксперттик топтун төрагасынын байланыш маалыматтары:**